DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Айтибаева Ж.К.*

# АҢ-СЕЗИМДЕГИ КОНЦЕПТТЕШҮҮ ЖАНА КАТЕГОРИЯЛАШУУ ПРОЦЕССТЕРИНИН ТИЛДЕ РЕПРЕЗЕНТАЦИЯЛАНЫШЫ ЖАНА «БАШ» КОНЦЕПТИНИН КОНЦЕПТУАЛДАШУУСУ

*Айтибаева Ж.К.*

# РЕПРЕЗЕНТАЦИЯ В ЯЗЫКЕ ПРОЦЕССОВ КОНЦЕПТУАЛИЗАЦИИ И КАТЕГОРИЗАЦИИ СОЗНАНИЯ И КОНЦЕПТУАЛИЗАЦИЯ КОНЦЕПТА «БАШ»

*J. Aitibaeva*

# REPRESENTATION IN THE LANGUAGE OF THE PROCESSOS OF CONCEPTUALIZATION AND CATEGORIZATION OF THE CONCEPT “HEAD”

*УДК: 494.3:894.341:371.302*

*Эстутумдун мазмунун концепттер кору жаратат. Алар көлөмү, түзүмү, байланыштары, турпаты, маани-маңызы боюнча түрдүүчө, бирок ар бир концепт ой казынасында өз алдынча жеке бирдик катары жашабайт. Ал кайсы бир топко, тайпага кирет. Ойтутум бар дүйнөнүн элементтерин, объекттерин, кубулуштарын, процесстерин жалпылоочу категорияларга бөлүштүрөт. Чексиз түркүн предметтер категориялашын, ич ара жиктелип аң-сезимде айкын топторду, класстарды, көптүктөрдү түзүшөт. Категориялашуу процесси ойтутумда когнитивдик топтоштуруу, бөлүштүрүү белгилерин жаратат. Бул белгилер бир концептте да, концепттер тобунда да болот, концепттерди иретке салат, тайпаларга ажыратып концептосфераны уюштурат. Ушул көз карашка таянуу менен биз бул эмгекте аң-сезимдеги концепттешүү жана категориялашуу процесстеринин тилде репрезентацияланышын жана “баш” концептинин концептуалдашуусун талдоого алабыз.*

***Негизги сөздөр**: аң-сезим, репрезентациялоо, концепттешүү, “баш” концепти, когнитивдик лингвистика, объект, тажрыйба, мазмун, таанып-билүү, бүтүндүк.*

*Содержание памяти образуют концепты. Они бывают разными по объему, структуре, связям, содержанию и смыслу, но каждый концепт не существует в сокровищнице мысли как отдельная единица. А входит в какую-либо группу. Память делит на обобщающие категории элементы, объекты, явления, процессы всего мира. Категорируются бесконечно разные предметы, в памяти классифицируются в разные группы и классы. Процесс категоризации в сознании образуют знаки когнитивной группировки, деления. Такие знаки есть и в одном концепте, и в группе концептов, они упорядочивают концепты, делит на классы и образуют концептосферу. Опираясь на эту точку зрения в данной работе мы будем анализировать репрезентацию в языке процессов концептуализации и категоризации сознания и концептуализацию концепта «баш».*

***Ключевые слова:** сознание, репрезентация, концептуализация, концепт «голова» (баш), когнитивная лингвистика, объект, опыт, содержание, познание, целостность.*

*The content of memory forms concepts. They are different in volume, structure, connections, content and meanings but each concept is not existed in the treasury of thoughts as a separate unit. But it can be a part of some group. Memory divides elements, objects, phenomena, processes of the whole world into generalizing categories. Different objects are categorized infinitely, they are classified into different groups and classes in memory. The process of categorization in consciousness is formed by signs of cognitive grouping, division. Such signs exist in one concept and in a group of concepts, they organize concepts, divide them into classes and form a concept sphere. Based on this point of view, we will analyze the representation in the language of the processes of conceptualization and categorization of the concept “head” in this work.*

***Key words:** consciousness, representation, conceptualization, the concept “head”, cognitive linguistics, object, experience, content, cognition, integrity.*

Концепттешүү же концептуалдашуу – бул аң-сезимдин пайдубалы, андагы базалык когнитивдик процесс. Концепттешүү – ойтутумдагы концепттердин жаралышы, калыптанышы, уюштурулушу (түрдүү байланыштарда, түзүлүштөрдө, көлөмдөрдө) жана үзгүлтүксүз жаңыланып, такталып, байып турушу. Ойтутумда тигил же бул объекттин, чөйрөнүн чагылышы, аңдалышы, сапат-касиеттеринин белгиленип бир түргө, топко кошулушу концепттешүү болот [4, 121-б.; 2, 76-б.; 5, 89-б.].

Концепттешүүнүн орчундуу булактары бар:

1) сенсордук тажрыйба, сезүү органдары аркылуу түшкөн маалыматтар;

2) адамдын заттар, кубулуштар менен болгон түзмө-түз операциялары; предметтик аракеттер;

3) ойтутумда бар башка концепттер менен болгон ойлоо операциялар (бул учурда жаңы концепттер да жаралат);

4) жашоодогу билип-таануу аракетинин натыйжалары (сөздүктөргө, энциклопедияларга, интернетке кайрылуу; окуу, билим алуу ж.б.у.с.); жаңы тилдерди, сөздөрдү өздөштүрүү [4, 121-122б.; 5, 89-б.].

Айлана-чөйрөнү мүчөлөө вербалдык баскычка чейин эле жүзөгө ашат. Бул процесс ойтутумда жүрөт. Предметтик элес эволюцияга дуушар болот, абстракцияланат, жаңы касиеттер, белгилер менен бышыкталат, сезим элеси ойлоо элесине, түшүнүккө өтөт. Бирок алгачкы элес абстрактуу элесте деле сакталат. Ошондуктан бардык концепттерди конкреттүү мисал менен метафора аркылуу көрсөтүүгө болот [4, 125-б.].

Концепттер “өчүп” да кетет. В.И. Карасик когнитивистикага “концепттин өчүүсү” түшүнүгүн кийирген [3, 122-135-бб.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Буга *сабатсыздыкты жоюу*, *колхоз, кеңеш өкмөтү, КПСС* сымал концепттерди атоого болот. Кайрадан жандануу тобуна *ажо, мырза, айым* концепттери, жаңы пайда болгон топко *интернет, компьютер, принтер*, *смартфон, "чычкан", сканер, айфон* ж.б. концепттер кирет.

Концепттешүү динамикалуу, бир нече баскычтан турат: объект – аны кабылдоо (түз же ортомчу объект аркылуу) – эстутумга концепт түрүндө жайгаштыруу – аны вербалдаштыруу, тилге өткөрүү – концепттин жашоосу (орношу, өзгөрүлүшү, жоюлушу же байышы) – жагдайга ылайык актуалдашуусу (түшүнүп-түшүндүрүүгө катышышы) ж.б. Албетте, предметтик концепттер (жашоо орду, дене бөлүктөрү, тууганчылык катыштары ж.б.) алгач пайда болгон. Алар баштапкы концепттер. Е.С. Кубрякова концепттешүүнүн "конкреттүүдөн абстракттуулукка карай" жолун жакшы негиздеп берген: "Адамзат тажрыйбасынын башатында денелик тажрыйбага негизделген жана дене тажрыйбасын (б.а. адамдын биопрограммасына шайкеш диапазондордо реалдуулукту кабыл алган рецепторлорунун ишин) жалпылаган концепттер турарына күмөндөбөстүк керек" деп, көрсөтмөлүү тажрыйба өзүнөн чоңураак жана кыйла татаалыраак абстракттуу тажрыйбага өсүп жетилерин айтат. Анын оюу боюнча, "адам табиятты түздөн-түз сезип-туюудан жана анын үстүнөн түздөн-түз байкоо жүргүзүүдөн түздөн-түз байкалбаган нерселерди аңдаштырууга өткөн" [8, 16-б.]. Демек, концепттешүү – динамикалуу, тынымсыз өсүүдөгү прогресс. Ал жөнөкөйдөн татаалга, конкреттүүлүктөн абстракциялануута, жекеден жалпылыкка карай өсүп, өтүп турат.

Эстутумдун мазмунун концепттер кору жаратат. Алар көлөмү, түзүмү, байланыштары, турпаты, маани-маңызы боюнча түрдүүчө, бирок ар бир концепт ой казынасында өз алдынча жеке бирдик катары жашабайт. Ал кайсы бир топко, тайпага кирет. Ойтутум бар дүйнөнүн элементтерин, объекттерин, кубулуштарын, процесстерин жалпылоочу категорияларга бөлүштүрөт. Чексиз түркүн предметтер категориялашын, ич ара жиктелип аң-сезимде айкын топторду, класстарды, көптүктөрдү түзүшөт (Этностун өнүгүү деңгээли бул жерде маанилүү роль ойнойт, анткени *кийим, тамак-аш, нравалык талаптар, окуу китептери, спорт* ж.б. "топтор" ой казынасында калыптана элек элдер да бар).

Категориялашуу процесси ойтутумда когнитивдик топтоштуруу, бөлүштүрүү белгилерин жаратат. Бул белгилер бир концептте да, концепттер тобунда да болот, концепттерди иретке салат, тайпаларга ажыратып концептосфераны уюштурат (Лакофф 1988: 12-51; Кликс 1986: 97; Концептуализация и смысл 1990: 4; Бороздина 1998:113; КСКТ: 46-47; Урысон 1998: 3; Попова, Стернин 2010: 127; Камбаралиева 2019: 77; Саматов 2021: 93-96).

Ж. Лакофф категориялашууну изилдөөдө классификатор өлчөмүн кийирип, аны менталдык категория деп атайт. Классификаторлор интегралдык (синтездөөчү, бириктирүүчү) жана дифференциалдык (айырмалоочу, жиктөөчү) мүнөздө болушат (Лакофф 1988: 12-51; 1995: 143-184; Саматов 2021: 25).

Категориялашууну кайсы бир окумуштуулар кененирээк түшүнүшөт, кайсы бирөөлөрү тарыраак элестетишет. Тар түшүнүктөгүлөр аны топтоштуруу, класстарга ажыратуу менен гана теңдештирет (М. А. Кронгауз, М.А. Петров, Л.А. Нефедова ж.б.). Кенен көз караштагылар категоризацияны билип-таануунун бир маанилүү процесси катары, когнитивдик категориялардын жаралуу, өзүнчө ажыроо жолдору катары, дүйнөнү мүчөлөө, таксономдоо ыкмалары деп түшүнүшөт, адам сезип-туйган кубулуштарды тигил же бул рубрикага же биримдикке кошуу зарылдыгы менен байланыштырышат (Е.С. Кубрякова, Н.Н. Панченко, Н.Н. Болдырев, С.Г. Шафиков ж.б.; сереп: Камбаралиева 2019: 92-99).

Эстутумдагы концепттешүү, категориялашуу процесстери коммуникацияда сыртка чыгат. Тышкы дүйнө ой казынасына туюу органдары аркылуу чагылдырылып интериоризацияланса, психикага кирип, концепттерге айланса, категорияларга биригип ойтутумдун мазмунун жаратса, экстериоризацияланып, вербалдашып, материалдашып тышка чыгат. Мында ой сөзгө өтөт, сөзгө айланат, маалымат тилдик каражаттар менен тышталып сыртка чыгат, угуучу-окуучунун ойтутумуна кирет. Түшүнүү сүйлөөчү менен угуучунун, жазуучу менен окуучунун ой казынасындагы концепттердин, категориялардын дал келүүсү, окшоштугу, адекваттуулугу же жакындыгы аркылуу ишке ашат. Мындагы дал келбөө лакуналарды жаратат. У.Ж. Камбаралиева пикир алмашуу процессин концептуалдык жана тилдик категориялардын системасы менен маалыматтын шайкештенүү процесси катары белгилейт. Анткени объекттер менен окуялардын категориялашуусу эмпирикалык жана тилдик алкакта ишке ашат, семиотикалык бирдиктерде чагылдырылат [1, 97-б.]. Пикир билдирүүдө объект белгилүү категориянын өкүлү катары тилдин жардамы менен аталат жана реципиент тарабынан туура кабыл алынат.

Концепттешүү жана категориялашуу – когнитивдик лингвистиканын орчундуу түшүнүктөрү. Алар айлана-чөйрөнү, бар дүйнөнү туюп-таануунун, өздөштүрүүнүн, билимди, тажрыйбаны үйрөнүүнүн жана үйрөтүүнүн эң маанилүү ыкмалары жана жолдору болуп саналат. Алар коммуникацияга дээрлик бардык учурда тилдик белгилер аркылуу катышат.

Тил – билип-таануу репрезентативдеринин башкы жана универсалдуу системасы. Ал аркылуу гана адекваттуу коммуникация жүрөт.

Кыргыз лингвистикасы дүйнөлүк тил илиминен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



артта калбай, анын идеяларын, табылгаларын, багыттарын жергиликтүү факты-материалдардын негизинде өнүктүрүп келет. Биз алыскы чет өлкөлүк лингвисттердин ой-пикирлери, кабыл алган жоболору менен азыноолак таанышпыз. Алардын ичинен М.Минский, Ж.Миллер, Ф.Жонсон-Лэрд, Ж.Лакофф, Р.Лангакер, Ж.Фоконье, Л.Талми ж.б. илимпоздор когнитивдик лингвистиканын башатында турат (М. Минский 1979; Ф.Клике 1983; Ж.Лакофф 1988, 1995; Ч.Виллмон 1988; А.Кенки 1996; Р.В. Лангекер 1997; R.Jachendoff 1992; G.Lakoff 1993. ж.б. сереп: Саматов 2021: 5,9).

Кыргызстанда лингвоконцептология менен лингвокогнитология алгач орус-кыргыз дүйнө сүрөттөрүндөгү вербалдашуу процесстерин салыштырып изилдөө түрүндө өнүктү. Кийин англис, немис, француз, түрк, кытай менталдуулугунун көрсөткүчтөрүнө да кайрыла баштадык. Нагыз кыргызча дүйнө сүрөтүн, когнициялык номинанттарды иликтөө бир кыйла жолго түшө баштады. Э.Т. Төлөкова бул багытта пионердик иш жасаган. Биздин изилдөө да ушул нукта аткарылмакчы.

Түркологияда жана кыргыз тил билиминде “Баш” концептинин вербалданышы өзүнчө карала элек.

*Баш* сөзүнүн байыркы түрк тилиндеги жана учурдагы түрк тилдериндеги маани-маңызы кенен талдоого алынып, сөздүктөрдө жана салыштырма лексикологияда тыкыр изилденген (ДТС: 80-81; Севортян 1978: 85-88; ).

Кыргыз лексикографиясында *баш* лексемасынын семантикасы кенен ачылып берилген. К.К. Юдахин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” анын он эки семасын ажыратат: “дене бөлүгү”, “жогорку бөлүк, үстү, төбө”, “эгиндин дан алган бөлүгү”, “адам, жан”, “акыл-ой”, “башат, башталыш”, “уч (нерсенин чеке тарабы)”, “башчы (башкаруучу, жетекчи)”, “чоң, улуу (жашы боюнча)”, “биринчи, жогорку (статуста)”, “даана” [6, 118-119-бб.]. Мындан тышкары аталган сөздүн идиомалардын, татаал сөздөрдүн курамындагы маанилери ачыкталат.

“Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү” сөздүн он сегиз семасын белгилейт: “дене мүчөсү (көз, мурун, ооз, кулак, мээ жайгашкан)”, “адамдын, айбандын өзү”, “алгачкы чыккан жер, жогору жак, башталыш”, “эгиндин дан берчү бөлүгү”, “желчү өсүмдүктөрдүн жер астындагы бөлүгү, түбү”, “өсүмдүк, бак-дарактардын жогорку бөлүгү, учу”, “чоку, төбө, үстүңкү бөлүк”, “тескөөчү, башкаруучу, башчы, “иштин, окуянын дал үстү, өзү, жаңы”, “мыкты, тандамал, жогору, биринчи” (КТТС I: 231-232). Сөздүктө төртүнчү, бешинчи, алтынчы семалар бир пунктка бириктирилип 5-номер менен берилген. Андан тышкары ал сөз катышкан 193 фразеологизм (*баш маанек, баш-аягы жок, баш болуу, баш бербөө, баш байлоо* ж.б.)жана татаал сөз (*баш байге, баш кесер, баш калкалоо, баш багуу, башы айлануу, баш тамга, баш чайкоо, баш кийим, баш макала* ж.б.) катталып, чечмеленип көрсөтүлгөн (КТТС I: 232-248). Ал эми “Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүндө” 18 туруктуу сөз айкаштары мүнөздөмөгө алынган (КТФС: 74-93).

Мунун баары *баш* сөзүнүн семантикасы денотаттын баалуулугунабы же анын метафоралашууга ийкемдүүлүгүнөнбү лексикографтардын көңүлүн өзгөчө бургандыгын айгинелейт. Бул материалдар биздин изилдөөнүн чоң фактылык базасын түзө алат.

Лингвоконцептологиянын алкагында аткарылган биздин объектке тиешелүү изилдөөлөр да бар. Алар көбүн эсе тилдерди салыштыруу аркылуу жүргүзүлгөн. “Баш” концептинин репрезентативдери славян, герман тилдериндеги полисемиянын материалында (Аркадев 2002: 58-80), англисче, орусча метафоралар концептосферасынын чегинде (Киреева 2010), дүйнөнүн орус, кытай тилдик сүрөтүнүн алкагында (Ишмурзина 2016: 99-103), түрдүү тектеш эмес тилдердин фактыларында (Хунткужева 2009: 194-195; Терентьева 2004: 338-353), орус тилине негизделип (М. Милашевская 2017), англис тилинин материалында (Соловьева 2005) атайын талдоого алынган.

“Баш” концептине тиешелүү “акылдуулук”, “акылсыздык”, “интеллект” маанилери да өз изилдөөчүлөрүн тапкан (Плунгян, Рахилина 1993: 120-126; Урысон 1995: 3-16; 2000: 184-189; Голованова 2003: 38-39; Сергеева 2004; Тровати 2007). Биз үчүн бул иштердин табылгалары да маанилүү болду. Кыргыз менталдуулугунда *Башы жок акмак! / Эси жок акмак! / Акылы жок акмак”! / Келесоо акмак! ...* сыяктуу одоно түрмөктөр өзүнчө синтаксистик парадигманы түзүп, кемсинтип-басынтуунун формулалары катары кызмат кылат: *Сенин башы жок балдарын үчүн мектепке чакырылып жүрүп, чачым агарды. Карыттын! – деп урушчу элен (Осмоналиев). Эч жерде иштебесе, же үй-бүлөсү болбосо, ошентип жүргөнү жүргөн да андай башы жок ургандын (“Ала-Тоо” журналы).* Бул фактыларга башка тилдерде аналогдор арбын. Алар да “Баш” концептинин экспоненттери.

Изилдөө диалектикалык принципке негизделет, анда антрополингистиканын жоболору, полипарадигмалык теориянын идеялары жетекчиликке алынат. Иш лингвокогнитология, лингвоконцептология, лингвомаданият таануу илимдеринин алкагында аткарылып, тилдик фактыларды коомдук аң-сезим менен, адамдардын билип-таануусу, коммуникациясы менен тыгыз байланыштуу социалдык аракет-ишмердиктин түрү катары талданат. Ошондуктан каралып жаткан фактылардын жалпы курамы, сандык-сапаттык катыштары, өзгөрүүлөрү, бири-бирине карата окшоп же карама-каршы жиктелип колдонуусу, бүтүндүк-бөлүктүк катнашы, турпат-мазмундун биримдиги, колдонуу динамикасы, диахрониясы-синхрониясы ж.б. тараптары бир бүтүндүктө иликтенет [Кодухов: 204-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



212; БЭСЯ: 299-300].

Өзөктүк проблемаларга “Баш” концептинин дүйнөнүн байыркы түрк сүрөтүндөгү орду, маани-маңызы, номинанттары азыркы кыргыз тилинин позициясында салыштырылып талдоого алынат. Бул маселе тилибиздин эволюциясын, өнүгүүсүн, учурдагы абалга жетүү жолдорун изилдөөгө негиз боло алат. Кыргызча баш сөзүнүн семантикалык алкагы башка тилдердин фактылары менен тектештирилип, түркология, алтаистика менен ностратиканын мыйзамдарына ылайык сыпаттоого алынат.

**Адабияттар:**


1. Камбаралиева У.Д. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира (на материале русского и кыргызского языков [Текст] / У.Д. Камбаралиева - Б., 2013. - 49 б.
2. Камбаралиева У.Дж. Этнокультурные особенности паремиологических полей концептов «Время» и «Убакыт» русского и кыргызского языков [Текст] / У.Дж. Камбаралиева // Язык, культура, этнос. В. 12. - Б.-СПб., 2017. - 234-238-бб.
3. Карасик В.И. Языковой круг: личность, концепты, дисскурс [Текст] / В.И. Карасик. - М.: Гнозис, 2004. - 75-81-бб.
4. Попова З.Д. Когнитивная лингвистика [Текст] / З.Д. Попова, И.А. Стернин. - М.: АСТ, 2010. - 314 б.
5. Саматов, К. Концепциялык лингвистика [Текст] / К. Саматов. - Б.: Улуу тоолор, 2021. - 176 б.
6. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин. - М.: Сов. энцикл., 1965. - 973 б.
7. Zulpukarov K., Amiraliev S., Zulpukarova A., Akmatova A., Abdullaeva Zh. Peflexes of the most Ansient Poot *er “male” in Eurasian Languages. / Open Journal of Modern Linguistics. Vol.11 No.1. February, 2021. - PP. 104-119.
8. Кубрякова Е.С. - Язык и знание: На пути получения знаний о языке. - М., 2004.
9. Матикеева А.К. Роль языка в концептуализации картины мира. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 3. С. 304-308.